| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**МОСКВА РАЙОНУ**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МИН-БУЛАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин кезектеги сессиясынын**
**№142 ТОКТОМУ**

2026-жылдын 30-сентябры Садовое а.

**Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү жана**
***Жобосун бекитүү жөнүндө***

Муниципалдык кызмат көрсөтүү боюнча маалыматтын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу максатында, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР мыйзамынын, КР Бюджеттик Кодексинин жана ЖӨБЭММАнын 2024-жылдын 27-декабрындагы №01-25/352 “Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жөнүндө Типтүү Жобону бекитүү тууралуу” Буйругунун, 2026-жылдын 16-сентябрындагы айылдык кеңештин бюджет, финансы, инвестиция жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, Миң-Булак айыл аймагында биргелешкен мониторинг жана баалоо уюштуруп жүргүзүү максатында айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат**:

1. Биргелешкен мониторинг жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Миң-Булак айыл аймагынын биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (мындан ары БМжБ тобу) төмөнкү курамда түзүлсүн;
   1) Ливаза Разия Маликовна – Миң-Булак айыл аймагынын аялдар кеңешинин мүчөсү;
   2) Джумабекова Райгул Совхозовна – айылдык кеңештин депутаты;
   3) Хушанло Рабия Каримовна – айылдык кеңештин депутаты;
   4) Ибраимова Мээрим Сейилбековна - жаштар борборунун төрагасы;
   5) Лумазова Халича Юсуровна – ишкерелер союзунун төрагасы;
   6) Сатаров Тимур Кашакаевич – айылдык кеңештин депутаты;
   7) Туратова Айзирек Маматкаримовна – айыл өкмөтүнүн иш кагаздарын жүргүзүүчү катчысы.
3. Ушул токтом каттоого алынып, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберилсин.
4. Жогорудагы түзүлгөн БМжБ тобу Жобого ылайык айыл аймак чегинде аткарылып жаткан иштерге байкоо жүргүзүп, баа берүү жагы тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү айылдык кеңештин бюджет, финансы, инвестиция жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Б.Асаналиев**